# АДАБИЙ ОКУУДАГЫ ЖӨӨ ЖОМОКТОР- УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАНА ҮЙРӨНҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

**Нажимидинова А. Э**
**Равшанбек К.Э**
**Өмүрбек К. С**

# ХОДЯЧИЕ СКАЗКИ В ЛИТЕРАТУРНОМ ЧТЕНИИ - КАК СРЕДСТВО ИЗУЧЕНИЯ И ИЗУЧЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ

**Нажимидинова А. Э**
**Равшанбек к.Э**
**Өмүрбек к. С**

**УДК: 37;378;378.937;398 ORCID ID 0009-0005-9162-6731**

# WALKING FAIRY TALES IN LITERARY READING - AS A MEANS OF STUDYING AND STUDYING NATIONAL VALUES

**Nazhimidinova A.E**
**Ravshanbek kyzy E**
**Omurbek kyzy S**

*Багыты: Педагогика*

**Нажимидинова Асылкан Элчиевна**
*М.М.Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту, Кызыл-Кыя шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент. +996770415444, nasylkan@mail.ru*
**Равшанбек кызы Эльвира**
*Баткен мамлекеттик университети, Баткен шаары, Кыргыз Республикасы, магистрант.+996770415444, nasylkan@mail.ru*
**Өмүрбек кызы Сезимай**
*Баткен мамлекеттик университети, Баткен шаары, Кыргыз Республикасы, магистрант. +996770415444, nasylkan@mail.ru*
**Нажимидинова Асылкан Элчиевна**
*М.М.Кызыл-Кийский гуманитарно-педагогический институт им.М.М.Тайирова, г. Кызыл-Кия, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент. +996770415444, nasylkan@mail.ru*
**Равшанбек кызы Эльвира**
*Баткенский государственный университет, г. Баткен, Кыргызская Республика, магистрант. +996701215550, zolubaikyzyatirgul@gmail.com*
**Өмүрбек кызы Сезимай**

*Баткенский государственный университет, город Баткен, Кыргызская Республика, магистрант.+996770608383 kanykey.sydykova.95@mail.ru*

**Nazhidinova Asylkan Elchievna**

*M.M.Kyzylkiy Humanitarian Pedagogical Institute named after M.M.Tayirov, Kyzyl-Kiya, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor. +996770415444, nasylkan@mail.ru*

*Ravshanbek kyzy Elvira, Batken State University, Batken, Kyrgyz Republic, Master's student. +996701215550, ravshanbekkyzyelvira@gmail.com*

**Omurbek kyzy Sezimay**

*Batken State University, Batken, Kyrgyz Republic, Master's student. +996770608383*

**Аннотация:** *Макалада башталгыч класстарда адабий окуу сабагында элдик педагогиканын баалуулуктары жомоктордун мазмунунда берилгендигин жаш муундарга сабак учурунда тушундуруп, талдап беруу аркылуу, элдик акылмандуулукту терен тушунууго машыктыруу жана тексттин ички идеясын айтып берип, элдик тарбиянын эрежелерин таанытуу жонундо кеңири баяндалат. Элдик педагогикалык баалуулуктарыбыздын жандуу эстелиги катары жашаган жомокторду окутууда жаны ыкма, методдорду санариптик технологиялар менен айкалыштырып колдонуу аркылуу иш жургузуу максатка ылайык болору анык. Жаш балдар учун адабий окуу сабагы-адам таануу сабагы болгодуктан, адабий окуу сабагында жомоктордун мааниси, аны окутуп-үйрөтүү учурдагы заман талабы экендиги баарына талашсыз маселе. Ошондуктан окутуу менен тарбиялоо ишинде улуттун руханий баалуулуктарыбызды жомоктор аркылуу келечек муундарга жеткируу биздин милдетибиз. Айрыкча, адабий окуу предметиндеги жоо жомокторду талдап окутуу менен кенже класстын окуучуларын жоомарттыкка, адилеттуулук,чынчылдык, адал эмгек менен жашоого тарбиялоого байланыштуу баалуулуктар талдоого алынат. Кенже класстын окуучуларыны энопедагогикалык жактан тарбиялоодо жомоктун орду чоң экендиги баса көрсөтулөт.*

**Негизги сөздөр:** *элдик акылмандуулук, улуттук руханий баалуулуктар, адилеттуулук, эмгекчилдик, адептуулук, руханий тарбия, этнопедагогикалык билимдер .*

**Аннотация:** *В статье подробно рассказывается о том, как на уроке литературного чтения в начальных классах ценности народной педагогики передаются в содержании сказок посредством разъяснения и анализа их молодым поколениям во время урока, приучения к глубокому пониманию народной мудрости и приобщения к правилам народного воспитания путем изложения внутренней идеи текста. Очевидно, что целесообразно использовать новый метод, методы в сочетании с цифровыми технологиями в обучении сказкам, которые являются живым памятником наших народных педагогических ценностей. Поскольку урок литературного чтения для детей младшего возраста-это урок гуманитарных наук, значение сказок на уроке литературного чтения, преподавание которых*

*является требованием времени, неоспоримо для всех. Поэтому в деле обучения и воспитания наша задача-донести до будущих поколений через сказки духовные ценности нации. В частности, с помощью анализа рассказов по предмету литературного чтения анализируются ценности,связанные с воспитанием младшеклассников в духе щедрости, справедливости, честности, честного труда и жизни. Подчеркивается, что сказка играет большую роль в энопедагогическом воспитании младших школьников.*

**Ключевые слова:** *народная мудрость, национальные духовные ценности, справедливость, трудолюбие, нравственность, духовное воспитание, этнопедагогические знания.*

**Abstract:** *The article describes in detail how, in a literary reading lesson in elementary grades, the values of folk pedagogy are transmitted in the content of fairy tales by explaining and analyzing them to young generations during the lesson, teaching them to a deep understanding of folk wisdom and introducing them to the rules of folk education by presenting the inner idea of the text. Obviously, it is advisable to use a new method, methods combined with digital technologies in teaching fairy tales, which are a living monument to our national pedagogical values. Since a literary reading lesson for young children is a lesson in the humanities, the importance of fairy tales in a literary reading lesson, the teaching of which is a requirement of the time, is undeniable for everyone. Therefore, in the matter of education and upbringing, our task is to convey to future generations through fairy tales the spiritual values of the nation. In particular, through the analysis of stories on the subject of literary reading, the values associated with the upbringing of elementary school students in the spirit of generosity, justice, honesty, honest work and life are analyzed. It is emphasized that the fairy tale plays an important role in the oenopedagogical education of younger schoolchildren.*

**Key words:** *folk wisdom, national spiritual values, justice, diligence, morality, spiritual education, ethnopedagogic knowledge.*

Жөө жомоктор - оозеки чыгармачылыктын маанилүү жанры, көбүнчө сюжеттик элементтерге бай, саякат жана окуялар аркылуу моралдык-тарбиялык идеяларды жеткирген фольклордук чыгармалар болуп саналат. Кыргыз маданиятында жомоктор улуттук баалуулуктарды, этикалык нормаларды жана коомдук турмуш эрежелерин чагылдыруу менен бирге, балдардын эстетикалык сезимин, тилдик компетенциясын жана маданий идентификациясын өстүрүүгө өбөлгө түзөт.

1. Жомоктордун жанрдык өзгөчөлүгү. Жөө жомоктордун сюжети адатта кыймылга негизделет; каармандар саякат кылып, сыноолордон өтүшөт жана моралдык жыйынтыкка келишет. Бул жанрдын кыска жана эстеп калууга оңой формасы-макал-лакаптар, тамсилдер менен коштолгон учурда тарбиялык таасири күчөйт.

2. Улуттук баалуулуктар жана фольклордук мазмунунда карап көрсөк, жомоктор-улуттун дүйнө таанымын, этикалык нормасын жана прагматикалык

түшүнүктөрүн камтыган мурас. Алардын ичинде эмгектин баалуулугу, коомдук кызмат, курмандык, ырайымдуулук жана биримдик сыяктуу баалуулуктар ар кайсы өңүттө берилет.

3. Адабий окууда фольклорду колдонуу. Фольклордук тексттер окуучунун эмпатиясын, тилди кабыл алуусун жана чыгармачыл ой-жүгүртүүсүн өстүрөт.

Кыргыз мектеп программасындагы жомоктордун мазмундук талдоосу:

• «Алдар көсөнүн алдаганы» – акылмандык жана тапкычтык менен көйгөйлөрдү чечүү, юмор аркылуу этикалык сабак берүү.

• «Төлөк менен Дөңкөй» – достук, биримдик жана жардам көрсөтүүнүн мааниси.

• «Жигиттин сапары» – эмгекчилдик, чыдамкайлык жана жоопкерчиликтин тарбиялык ролу.

Улуттук баалуулуктардын семантикалык кластерлери: эмгек жана тиричилик, өз мамлекетине жана элин сүйүү, өз ара жардам жана биримдик, акылмандык жана тажрыйба урматтоо, морал жана жоопкерчилик.

Психолингвистикалык таасир: жомоктордун тилдик структурасы жана сюжеттик композициясы окуучулардын калыптанып жаткан аң-сезимине, тилдик компетенциясына жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүнө оң таасир берет.

Кыргыз эли - эң байыркы элдердин катарына кирет. Миндеген кылымдарды карытып, турдуу кыйынчылыктарды башынан откоруп, эркtуулук менен басып откон тарыхый жолун муундан муунга оозеки турдо олбос-очпос изин калтырды.

Акылман элибиз байыртадан эле соз барктап, соз менен баалап келген. Ошондуктан руханий дуйносу менен бай, кучтуу, чечен, созмор, касиеттуу элдердин катарын толуктайт. Мына ошондой тарбия каражаттарынын бири жомоктор. Демек, жомоктор, алардын жаратылышы жуздогон жылдарды оз ичине алат. Алар жоо жомоктор, айбанаттар тууралуу жомоктор жана сыйкырдуу жомоктор деп болунот.

Кыргыз эли создун же жомоктун таасири аркылуу улуттук руханий баалуулуктарыбыз жаш муундардын жан дуйносунун тупкуруно таасир кылып, зор тарбия берип келген.

Адамзаттын руханий-маданий жактан онугуусундо ар дайым уламалуулук мыйзамын жетекчиликке алат, башкача айтканыбызда буткул тарыхый онугуштун натыйжасында калыптанган баалуулуктарды оздоштуруп, турмуштун жаны муктаждыктарына ылайык колдонууга умтулат. Буга байланыштуу академик Г.Н.Волковдун «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт» деген созу бугунку кыргыз коомунун оутуу-тарбиялоо ишмердигине ото маанилуу

[1.1. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб.для студ. сред,и высш.пед.учеб.заведений.-2-е изд.,испр. и доп. -.:Издательский центр «Академия», 2000. – 176с.]

Жаш муундарга улуттук руханий баалулуктарды изилдеп уйротуунун негизги кражаты - жоо жомоктор болуп саналат.

К.Д.Ушинский жомоктордун таалим - тарбия жаатындагы аткарган жугун талдап келип «Жомоктор элдик педагогиканын эн алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким тендеше албайт» - деп жазган [2.2. Ушинский К.Д. Родное слово. Собрание сочинений [ Текст] / К.Д.Ушинский. – М. –Л.,1949. –Т. 2.-575с.]

Жомоктор жаштарды тарбиялоонун каражаты катары кыргыз окумуштуулары тарабынан да талдоого алынган. Алардын катарына фольклор таануу багытындагы К.Мифтаков, М.Богданова, К.Рахматуллин, З.Бектенов,С.Мусаев, М.Тулокабылов, М.Сулайманов, А.Муратовдордун эмгектерин озгочо болуп корсотууго болот.

Ал эми кыргыз этнопедагогикасы илим тармагынын коптогон окулдорунун ( А.Э.Измайлов, Б.Апышев, Н.Имаева, А.Алимбеков, С.Рысбаев ж.б.лар) эмгектеринде жомоктордун тарбиялык мумкунчулуктору тууралуу бай маалыматтар камтылган.

Бирок азыркы санариптешуу доорундагы кыргыз педагогикасынын мазмунунда элдик жомоктордун мазмунундагы улуттук руханий баалуулукту туу тутууга, кадырлоого тарбиялоонун мазмунун, методдорун жана ыкмаларын ачып корсотуу маселеси будомук боюнча кала беруудо.

Дуйнолук классикалык адабиятка саресеп салсак, Францияда Шарль Перро(1628-1703) эл ичинде айтылган жомокторду кайра иштеп чыккан. Анын калемине таандык « Кызыл топучан», «Отукчон мышык» деген жомоктору бугун да актуалдуулугун жогото элек. Андан кийин Ганс Христиан Андерсондун (1805-1875) чыгармалары айрыкча «Кар ханышасы» чыгармасы балдардын суйуктуу чыгармаларына айланганы анык.

Эмне себептен бул авторлор элдик жомокторго барып таянды деген суроолуу ой пайда болот. Жообу оной эле, себеби, элдик жомоктордо элдин идеясы, адам тарбиялоодогу элдик тарбия,кызыктуу сюжеттер ошол бийиктикке жетелеген жыйынтыктуу бутум бар.

Башталгыч класстын окуу китептеринде элди оозеки чыгармалар бардык бөлүмдөрүндө сунушталат. «Бабалардан калган соз» болүмү негизинен элдик оозеки чыгармалардан түзүлөт. Мында негизинен жомок, тамсил, эпостор, т.а.элдик оозеки чыгармалардын бардык жанры киргизилет. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу окуучу кыргыз элинин нарк насилдери, каада -салттары менен таанышат, ички дуйносу онугот. Алардагы этнопедагогикалык баалуулуктарды үйрөнөт. Биздин изилдообуз адабий окуу китебиндеги элдик оозеки чыгармалардагы этнопедагогикалык баалуулуктар, аларды окуп-үйрөнүүгө арналат.

Адабий окууда этнопедагогикалык баалуулуктар балдардын жаш курагына ылайык томонкудой чыгармалардын мазмунунда берилген 2-класстын адабий окуу китебиндеги «Ырыс алды-ынтымак» жомогунунда ынтымактуу, бирдиктүү

болууну окуучулар менен бирге талкуулап «Күч бирдикте», «Ынтымак бар жерде ырыс бар» деген макалды чечмелеп келгиле деп тапшырмалар берилип, окуучулар да класстын ынтымагы тууралуу өз ойлорун айтышат. 3-класстын адабий окуу китебинде «Кумурска менен жалкоо» жомогун алсак кумурска эмгекчил, акылдуу, жалкоо болсо уйкучу, курсагы чоң. Демек, эмгек аркылуу мээнет кылып ар кандай дарттын дабаасын тапса болоору таамай айтылган. Мээнеткеч адам кичине болсо да чоң күч колунан баары келет деп окуучуларды эмгекчилдикке тарбиялоо идеясы айтылган.

Бала баатырлардын жүрүм- турумун, эр жүрөктүүлүгүн, жаман, жакшы экенин угуп, көрүү аркылуу үлгү алат. КР билим берүү жана илим министри тарабынан бекитилген стандартта адабий окуу предметинде 4 - класстын адабий окуу китебинде дүйнө элдеринин жомоктору да берилген. Кыргыз элинин жомоктору менен да салыштырып окутуп келебиз. Мисал катары, «Кемпирдин жети баласы» деген жомокту алып карасак, мында жети баласынын өзүнчө өнөрү айтылган. Энеси балдарынын өнөрүн угуп аябай кубанат, бирок кимисинин өнөрү артык экенин чече албайт. Энесинин айтуусу боюнча Болбос хандын шаарына барып, ошол жерден чындап сынамакчы болушту. Болбос хандын кызын куткармакчы болушуп жыйынтыгында кызын куткарып келишет. Болбос ханга дагы кимибиздин өнөрүбүз артык ушуну чечип бериңиз, болбосо кызматыңызды кылбайбыз,- деп суранышты. Ушул күнгө чейин эч ким чече албай келет деп жомок аяктайт. Демек жомоктогу бул окуя аркылуу балдарды мергенчиликке, баамдуулукка, ар кандай нерсенин оң жагын көрө, кабыл алууга, эмгекчилдикке, спортко, эр жүрөктүүлүккө, сабырдуулукка үйрөтүүгө болот. [3.3. А.Токтомбетов Адабий окуу 4-класс. Бишкек 2003].

Баланын жомокту кабылдоосун калыптандыруу үчүн мугалим төмөнкүдөй ыкмаларды колдонсо болот:

1. Окутуунун экспрессивдүүлүгү – мугалимдин сөзү эмоционалдык боек, экспрессивдүү болушу маанилүү. Бул үчүн интонацияны, жаңсоолорду, мимиканы, каармандарды картондон жасап боеп колдонууга болот.

2. Кайра окуу – жомоктор балдар үчүн дайыма кызыктуу болот. Кайра- кайра уккандан ырахат алышат. Моделдерди кайталап окуганда колдонсо болот.

3. Тандоо – жомоктун эң маанилүү үзүндүлөрүн кайра окуй алат.

4. Сахналаштыруу – балдар өздөрүнө жомоктун каармандарын тандап, ролун аткарып алардын образында аракеттенишет, ошол образдагы жаңы сезимдер калыптанат.

5. Бааралашуу – жомоктун мазмунун түшүнүү, көркөм сөз каражаттарынан кабардар болуу. Баарлашуунун негизинде ой жүгүртүү, жомоктун мазмуну боюнча суроолорду берүү, каармандардын аракеттерине баа берүү зарыл. Мектеп окуучуларына чыгармачылык семинарларды уюштуруп, балдарды сүрөт тартууга, кагаздан жана картондон, табигый материалдардан жомок каармандарын жасоого, алардын образдарын, мүнөзүн, жүрүм – турум өзгөчөлүктөрүн берүүгө чакыра алабыз.

Балдардын жомокту эмоционалдуу кабыл алышы, жомоктун мазмунун кайра айтып берүүсү, жомоктордун каармандары менен оюндарды ойноо. Жомоктогу элдик педагогиканын баалуулуктарынын маанисин түшүнүү.

Көркөм ишмердүүлүк - балдарга жомоктун каармандарына болгон мамилесин билдирүүгө жомоктун каармандарынын тагдырына боор ооруу, тилектештик ж.б. мүмкүндүк берет.

Өз алдынча ишке даярдоо – жомоктогу сюжеттерди сахналаштыруу каармандардын жомоктогу сюжеттерди колдонуу менен балдарды жомоктогу каармандарга айландыруу, адеп- ахлак тарбиясын түшүнүү, айланасындагы адамдардын кыймыл–аракетине, өздөрүндөгү кемчилдиктерге баа бере билүүсүнө өбөлгө болот.

Мугалим окуучуларга адабий окуу сабагында элдик педагогиканын баалуулуктарын жомоктордо окугандарын, алган натыйжаларын алган теориялык билимдерин турмуштун түрдүү кырдаалдарында колдоно алуу ишмердүүлүгүно жетиштирүүсу зарыл.

Мисалы дагы бир жомокту карап көрөлү, «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомок менен кандай иш жүргүзүүгө болорун сөз кылалы.

Жомок менен иштөөнүн биринчи этабы: жомокко чейинки балардын ой жүгүртүүсүнүн абалы.

Окуучуларга суроо беребиз:

- Жомокто ким жана эмне жөнүндө сөз болоорун байкадыңар?
- Мекендин алдында ар бир атуулдун кандай парзы бар экенин өз алдыңарча ойлондуңарбы?
- «Парз» деген сөздү түшүнөсүңөрбү?
- Өнөр деген эмне? Ким кандай кесипке кызыгат?

Бул суроолор боюнча талкуулоо жүрүп, 2-класстын окуучусу Элчиева Айсезим мындай деп жооп берди.

- Келечекте мугалим кесибине ээ болууну каалайм, себеби мугалимдер көп жомокторду коп билишет. Ал эми жомоктор мага аябай жагат.

Дагы бир окуучу аскер кызматкери болууну айтты. Ошентип башка окуучулар да сабакта берилген суроолорго жооп беришти. Бирок “парз» -деген эмне экендигин эч ким айта албады. Ошондуктан бул нерсени мугалим «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомок аркылуу төмөнкүдөй ыкмалар менен түшүндүрүп берсе болот.

Окуучулар жомоктогу ойду алдын – ала түшүнүүгө багытталган соң, мугалим жомокту үн кубултуп көрктүү окуйт.

Андан соң текст боюнча иштөө жумушу (экинчи этап) аткарылат.

Иштин бул этабында :

1) Окуучулар жомоктун мазмуну менен таанышат;
2) Каармандардын мүнөздөрү аркылуу адамдардын мүнөздөрү кандай болоорун таанып-билишет;
3) Каармандардын кебине, сөздөрүн түшүнүшөт, образдарына баа беришет;

4) Көрктүү окуп машыгышат, сүйлөмдөрдү кыргызча көрктүү айтылышын үйрөнүшөт.

5) Окуу ылдамдыгы текшерилет.

Андан соң текст менен иштөөнүн үчүнчү этабына өтөбүз.

Мында жомоктун мазмуну боюнча бышыктоо иш-аракеттин жүргүзөбүз. Суроо-жооп түрүндө, сурот тартуу, рольдоштуруу аркылуу бышыктайбыз. [4.4. Адабий окуу китеби карата усулдук колдонмо 2-класс. Бишкек-2013. Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.Ибраимова].

Демек, жаш балдар жомоктор аркылуу откондогу элдин урп-адаты, салт-санаасы,турмуштук тажрыйбасы,акыл-эси, фантазиясы менен таашышышат. Мына ушуларды оздоштуруу аркылуу да оздоруно бай тажрыйба топтой алышат. Кыргыз элинде бала торолору менен бешик ыры жанырса, кийин тестиер болуп, акыл-эс кирип, тили чыгып, бир нерсени тушунуп калган куракта ата-энелери балдарына жомок айтышкан.

Ал эми кыргыз жомокторунда орун алган турдуу улуттук баалуулуктарыбыз элдик тарбиянын практикасы менен тутумдаш жашап каада-салттар, урп-адаттар аркылуу бекемделип, нечен муундардын акыл элегинен отуп улам жаны турмуштук жагдайларга ылайык байып, онугуп олтуруп, орноктуу жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланып кеткен.

Жөө жомоктор мектептеги адабий окуунун маанилүү ресурсу болуп саналат. Алар улуттук баалуулуктарды – эмгекчилдик, адеп-ахлак, биримдик жана тажрыйбаны – билим берүү процессинде практикалык түрдө сиңирүүнүн эффективдүү каражаты. Макаланын натыйжасында окуучулар жомокторду окуп, талдап жана сахналаштыруу аркылуу улуттук баалуулуктарды өздөштүрөт жана турмуштук көндүмдөрүн калыптандырат.

Бугунку кундо балдарыбыз агрессивдуу мульфилимдерге же интернет булактарындагы ар турдуу маалымат, балдардын психологиясына терс таасир этуучу оюндар менен убактысын откорбой, тарбиялык мааниси зор, мазмундуу жомокторду окуп берип, кызыктырып тарбияласак абдан жакшы болот.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб.для студ. сред,и высш.пед.учеб.заведений.-2-е изд.,испр. и доп. -.:Издательский центр «Академия», 2000. – 176с.

2. Ушинский К.Д. Родное слово. Собрание сочинений [Текст] / К.Д.Ушинский. – М. –Л.,1949. –Т. 2.-575с.

3. А.Токтомбетов Адабий окуу 4-класс. Бишкек 2003.

4. Адабий окуу китеби карата усулдук колдонмо 2-класс. Бишкек-2013. Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.Ибраимова.